# Биргелешкен мониторинг жана баалоо жарандардын жөбгө катышуусунун аспабы катары

**Кайназаров Данияр, Чуй облусу, Москва району, Александровка АӨ башчысы**

# Швейцария Өкмөтү каржылап, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоору менен кызматташуу

Долбоор менен кызматташтык башталган 2016 -жылдан бери:

- ЖӨБ системасы жөнүндө билим алдык
- Жарандардын ЖӨБгө катышуу укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө билимге ээ болдук
- Мониторинг жана баалоо теориясын билип калдык
- Маалымат: Биргелешкен мониторинг жана баалоо топторун уюштуруу боюнча типтүү жобо
- БМжБ тобунун ишине маалыматтык-техникалык жактан колдоо көрсөтүлдү
- БМжБ топторунун иши боюнча Кыргыз Республикасынын башка айыл өкмөттөрүндөгү кесиптештер менен маалымат жана тажрыйба алмашуудабыз

# БИРГЕЛЕШКЕН МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО ТОБУН ТҮЗҮҮГӨ ЭМНЕЛЕР ӨБӨЛГӨ БОЛДУ?

- 2021-жылдын 11-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын Конституциясы.
- 2016-жылдын 16-майындагы КР Бюджеттик кодекси
- КР мыйзамдары:
  - 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзам
- Жергиликтүү жамааттын уставы
- КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын 2019-жылдын 5-сентябрындагы № 01-18/84 буйругу менен бекитилген Жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү жөнүндө типтүү жобо

# Биз иш жүзүндө кантип колдондук?

- Александровка айыл аймагындагы БМжБ тобу 2016-жылдын 19-февралында түзүлүп, Александровка айылдык кеңешинин токтому менен бекитилген.
- 2017-жылдын 29-августунда Александровка айылдык кеңешинин сессиясынын чечими менен БМжБ тобунун курамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Топтун курамына 15 демилгелүү, жигердүү лидерлер: айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары, ТОС жетекчилери, “Щинщю” коомдук уюмунун төрайымы, 2 айылдын башчылары кирди.

# Жолдордун ремонту

Крупское айылындагы көчөгө майда таш төшөө – 260 600 сом;

- Мичурин көчөсү (узундугу) - 264 м;
- Набережная көчөсү (узундугу) - 430 м;
- Фрунзе көчөсү (узундугу) — 445 м.

БМжБ тобу мониторинг жүргүзгөн маалда эч кандай мүчүлүштүктөр аныкталган эмес





# Я.Шиваза ат. орто мектептин терезе блокторунун капиталдык ремонту





БМжБ тобу мониторинг жүргүзгөн маалда эч кандай мүчүлүштүктөр аныкталган эмес.

# А.Исмаев атындагы орто мектебине брусчатка төшөө

БМжБ тобу бир катар мүчүлүштүктөрдү аныкталган: брусчатканын  четтери сапатсыз төшөлгөн экен.

# А.Арбуду атындагы орто мектептин чатырын оңдоо



Мониторингдин жыйынтыгы боюнча БМжБ тобу АӨ төмөнкүлөрдү сунуштады: мектептин чатырын алмаштырууну бүтүрүү үчүн бюджеттен каражат табууну

СМжБ тобунун актысын кароонун жыйынтыгы боюнча АӨ, ишти бүтүрүү үчүн 2022-жылдын жергиликтүү бюджетине акча каражат салдык.

# ФАПта жана ҮДТда күнүмдүк ремонт иштери





Мониторингдин жүрүшүндө СМжБ тобу АӨгө бардык дубалдарды сырдоо үчүн каражат табууну сунуштады.

# Биз муну иш жүзүндө кантип колдондук?

- БМжБ тобу тарабынан аныкталган бардык мүчүлүштүктөр боюнча актылар түзүлүп, алар сунуш катары ЖӨБ органына берилет.
- **ЖӨБ органдарынын реакциясы –** подрядчылардын жумуштарды аткарышын көзөмөлдөө, кемчиликтерди четтетүү, подрядчылардан жумуштарды өз мөөнөтүндө жана жакшы сапатта аткаруусун талап кылуу.
- **Жыйынтык –** подрядчы бардык шарттарды аткаргандан кийин гана ЖӨБ органы БМжБ тобу жана техникалык көзөмөл боюнча адис менен биргеликте подрядчынын ишин кабыл алат.

# Жыйынтыгы: эмнелер өзгөрүлдү?

- БМжБ тобу тарабынан аныкталган көйгөйлөргө өз убагында чара көрүү ЖӨБ органдарына өз ишиндеги жана подрядчылардын ишиндеги кемчиликтерди жана мүчүлүштүктөрдү тез арада жоюуга мүмкүндүк берди
- ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгү ачык-айкын болуп калды
- ЖӨБ органынын ишинин сапаты жакшырды
- Коомдук мониторинг элдин жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун эң эффективдүү формаларынын бири болуп калды
- Элдин ЖӨБгө ишеними жогорулады

ЖӨБ органы БМжБ тобу алып келген салымды жана пайданы тааныганынын бир фактысы: ЖӨБ органы БМжБ тобу объекттерге барып-келип турушу үчүн өзүнүн муниципалдык транспорту менен камсыз кылды.

Көңүл бурганыңыз үчүн чоң рахмат!

АӨ менен байланышуу үчүн: 03131 6-97-71




АӨнүн сайты: www.Aleksandrovka-aimak.kg